Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2013-жылдын
“______” _____________
№ _____ токтому менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги жөнүндө жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Агенттик) жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

2. Агенттик өз ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, Кыргыз Республикасы катышкан, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирүүчү Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

3. Агенттиктин аппаратынын штаттык саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен белгиленет.

## 2. Агенттиктин максаты

4. Агенттиктин максаты болуп экономикалык өсүшкө, калктын жыргалчылыгына жетишүү жана этностор аралык ынтымакты бекемдөө үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу тутумун туруктуу өнүктүрүүгө шарттарды түзүү саналат.

## 3. Агенттиктин милдеттери

5. Агенттиктин милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук жана финансы-экономикалык негиздерин өркүндөтүү жана бекемдөө;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүү, жергиликтүү коомчулуктун алдында алардын жоопкерчилигин күчөтүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун укуктарын жана мыйзам тарабынан корголгон кызыкчылыктарын коргоо;
- муниципалдар аралык кызматташуу үчүн шарттарды түзүү;
- Кыргыз Республикасындагы этностор аралык ынтымакты жана жалпы жарандык бирдейликти бекемдөө;
- Кыргыз Республикасынын этносторунун эркин жана бирдей өнүгүүсү үчүн чараларды көрүү жана алардын укуктарын камсыздоо;
- этностук көп түрдүүлүктү натыйжалуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

## 4. Агенттиктин функциялары

6. Агенттик өзүнө жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкү функцияларды ишке ашырат:

а) тармактык саясат чөйрөсүндө:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты ишке ашырат;

- Кыргыз Республикасынын айрым чек ара жанындагы өзгөчө макамы бар аймактарын өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырат;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мамлекеттин милдеттерин ишке ашыруу кепилдигин камсыздайт;

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана этностор аралык ынтымакты бекемдөө чөйрөсүндөгү мыйзам долбоорлорун жана башка ченемдик укуктук актыларды, мамлекеттик жана улуттук программаларды, башка чаралар комплексин, ошондой эле аналитикалык материалдарды иштеп чыгууга катышат, бул маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизет;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү аймактарды өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтөт;

- Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн өркүндөтүү боюнча сунуш киргизет;

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана этностор аралык ынтымакты бекемдөө, анын ичинде жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү чөйрөсүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана мыйзамдарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарынын жана буйруктарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана буйруктарынын талаптарынын жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аткарылышынын абалын изилдөө боюнча ишти жүргүзөт;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кадрларынын квалификациясын жогорулатуу боюнча чараларды ишке ашырууда мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, кызыкдар министрликтер, ведомстволор жана башка органдар менен өз ара аракеттенет;

- этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү маселелери боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- этностор аралык мамилелерди өнүктүрүүгө багытталган чыгармачыл, маданий, тил жана башка демилгелерди ишке ашырууга жана Кыргыз Республикасынын калкынын этномаданий жана билим алуу муктаждыктарын канааттандырууга, этностук өзүнчөлүгүн өнүктүрүүгө көмөк көрсөтөт;

- мыйзамдарда белгиленген тартипте коомдогу этномаданий ар түрдүүлүктүн баалуулуктарын жана өлкөдөгү түрдүү улуттук жалпылыктардын тынчтыкта жашоо салтын жайылтат;

б) колдоо чөйрөсүндө:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына уюштуруучулук, усулдук жана консультациялык жардам берет, анын ичинде жергиликтүү коомдоштуктардын уставдарынын таасирдүүлүгүн жогорулатуу, калкты аймактарды өнүктүрүү боюнча иштерге тартуу, жарандык коомдун потенциалын жогорулатуу маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтөт;

- мыйзамдарда белгиленген тартипте жергиликтүү бюджеттин каражаттарын, экономикалык жана башка ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча сунуштарды иштеп чыгат;

- иштин негизги багыттары боюнча маалыматтар базасын түзөт;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлерин социалдык жактан коргоо боюнча чараларды ишке ашырат;

- Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча юридикалык жана жеке жактардын кайрылууларын кароо үчүн эксперттик жана жумушчу топторду түзөт;

- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга укуктарын камсыз кылуу жана коргоо боюнча чараларды көрөт;

- этностор аралык чыр-чатактарды болтурбоо боюнча мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү боюнча чараларды көрөт;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосунда, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарынын ортосунда пайда болгон талаш жагдайларды карайт;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, алардын жетекчилеринин мыйзамсыз иш-аракеттери жөнүндө жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн даттанууларын жана кайрылууларын мыйзамда белгиленген тартипте карайт, алардын жыйынтыктары боюнча тийиштүү мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына сунуш киргизет;

в) координациялоо жана мониторинг жүргүзүү чөйрөсүндө:

- жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана этностор аралык ынтымакты бекемдөө максатында мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом жана коммерциялык эмес уюмдар, эл аралык уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара аракеттенет;

- алардын компетенциясына кирген маселелер боюнча ишти координациялайт жана жергиликтүү кеңештердин биргелешкен отурумдарын өткөрүүгө көмөк көрсөтөт;

- мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара мамилелеринин өнүгүшүнө жана алардын биргелешкен ишине талдоо жана мониторинг жүргүзөт;

- оор кырдаалдарды алдын-алуу боюнча этностор аралык мамилелер чөйрөсүндө мониторинг жүргүзөт;

- Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча мыйзамдардын талаптарынын аткарылышына мониторинг жүргүзөт;

- Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен мамлекеттик бийлик органдарынын өз ара аракеттенүүсүнө көмөк көрсөтөт;

- инвестициялоо программаларын жана долбоорлорун ишке ашырууда, бул максаттар үчүн эл аралык жана коммерциялык эмес уюмдар менен өз ара аракеттенүү аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көмөк көрсөтөт.

## 5. Агенттиктин укуктары

7. Агенттик төмөнкүлөргө укуктуу:

- өзүнүн компетенциясынын чегинде ички ведомстволук актыларды кабыл алууга;

- өзүнүн компетенциясына кирген маселелер боюнча эксперттик, кеңеш берүүчү жана башка органдарды түзүүгө;

- өзүнүн компетенциясынын чегинде эл аралык уюмдардын жана мекемелердин каражаттарын, донор-өлкөлөрдүн гранттарын мыйзамдарда белгиленген тартипте тартууга;

- белгиленген тартипте товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну ишке ашырууга;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан ишканалардан, уюмдардан жана мекемелерден Агенттиктин ишине тийиштүү маалыматтык, аналитикалык жана башка материалдарды суроого жана алууга;

- өзүнүн компетенциясынын чегинде эл аралык конгресстерди, кеңешмелерди,

семинарларды, конференцияларды, сынактарды мыйзамда белгиленген тартипте уюштурууга жана өткөрүүгө;

- белгиленген тартипте Агенттиктин ведомстволук грамоталарын уюштурууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарды ишке ашырууга.

## 6. Агенттиктин ишин уюштуруу

8. Агенттик юридикалык жак болуп саналат, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гербинин сүрөтү, мамлекеттик жана расмий тилдерде өзүнүн аталышы менен мөөрү, штампы, белгиленген үлгүдөгү бланктары, Казыналык тутумунда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ачылуучу Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын агент-банктарында алыш-бериш жана башка эсептери бар.

9. Агенттикти Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директор жетектейт.

10. "Мамлекеттик кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Агенттикте статс-катчы кызматы түзүлөт. Статс-катчыны кызматка дайындоо, кызматтан бошотуу тартиби, анын функциялары жана ыйгарым укуктары мамлекеттик кызмат жөнүндө мыйзамдарга ылайык аныкталат. Статс-катчыга мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча директор тарабынан башка функциялар жана ыйгарым укуктар жүктөлүшү мүмкүн.

11. Агенттикте директордун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан кызматка дайындалуучу жана кызматтан бошотулуучу директордун эки орун басарынын кызмат орундары каралган. Директордун орун басарлары түздөн-түз директорго баш ийишет жана аларга жүктөлгөн милдеттердин жана ыйгарым укуктардын чегинде өз иштерин жүзөгө ашырышат.

12. Агенттиктин директору:

- Агенттиктин ишине жалпы жетекчилик кылат;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ишканалары жана уюмдары, чет мамлекеттердин тиешелүү мамлекеттик органдары жана эл аралык уюмдар менен мамилелерде өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Агенттиктин атынан чыгат, сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана белгиленген тартипте Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча өз ара аракеттенүү жана кызматташуу жөнүндө келишимдерге кол коёт;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тапшырмасы боюнча өкмөттөр аралык келишимдерге жана макулдашууларга, ошондой эле башка документтерге кол коёт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык буйруктарды жана ички ведомстволук актыларды чыгарат;

- өзүнүн ыйгарым укуктарынын бөлүгүн мамлекеттик кызмат иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча статс-катчынын жана Агенттиктин директорунун орун басарларынын ортосунда бөлүштүрөт;

- Агенттикке бөлүнүүчү республикалык бюджеттин каражаттарынын башкы тескөөчүсү болуп саналат;

- Агенттиктин аппаратынын түзүмүн жана штаттык ыраатамасын белгиленген ченемдердин чегинде бекитет;

- Агенттиктин коллегиясы жөнүндө жобону бекитет;

- Агенттиктин администрациялык мамлекеттик кызматтарын ээлеген кызматкерлерин белгиленген тартипте кызматка дайындайт жана кызматтан бошотот, аларга сыйлоо жана тартиптик жаза чараларын колдонот;

- Агенттиктин компетенциясына кирген маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнү уюштурат;

- Агенттиктин кызматкерлеринин өкүлчүлүктү органы менен жамааттык келишимге кол коёт;

- Агенттиктин ведомстволук сыйлыктары менен сыйлайт;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоого, ардак наамдарды ыйгарууга белгиленген тартипте сунуш берет;

- Агенттиктин мүлкүн жана каражаттарын белгиленген тартипте башкарат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Директор Агенттикке жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышына жеке жоопкерчилик тартат.

13. Директор жок болгон учурда, анын милдеттерин директордун орун басарларынын бири аткарат.

14. Агенттикте 7 адамдан турган коллегия түзүлөт. Коллегиянын мүчөлөрү болуп кызматы боюнча Агенттиктин директору (төрага), статс-катчы, кызматы боюнча коллегиянын мүчөлөрүнө кирүүчү директордун орун басарлары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын өкүлү, ошондой эле башка мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын жетекчилери саналат. Коллегиянын жеке курамы директордун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан бекитилет.

Коллегиянын отуруму протоколдор менен таризделет.

15. Агенттиктин алдында консультациялык-байкоочу орган болуп саналган, Агенттиктик менен жарандык коомдун макулдашылган өз ара аракеттенүүсү максатында түзүлгөн Коомдук байкоочу кеңеш түзүлөт.

16. Агенттикти кармоого чыгымдарды каржылоо мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка каржылоо булактарынын эсебинен ишке ашырылат.

17. Агенттиктин түзүмүн өзгөртүү милдеттердин жана функциялардын өзгөргөндүгүнө байланыштуу гана жүргүзүлөт.

18. Агенттиктин жетекчисинин кызматка дайындоо Агенттиктин түзүмүн өзгөртүү үчүн негиз болуп эсептелбейт.

## 7. Корутунду жобо

19. Агенттиктин ишин кайра уюштуруу же аны жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2013-жылдын
"______" ______________
№ _____ токтому менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин**
**башкаруу схемасы**

